# “Жашоомдо жанылык”

Сөзү Мунара Алимжан кызы

Обону Ильяз Абдыразаков

Аткаруучу Бакай

Жарыгым, кайдан келип кабылдың,

Жан дүйнөмдө жаңырдың.

Жүрөккө арзуу болуп табылдың,

Тумар болуп тагылдың.

Өткүн болуп өтпөчү,

Өмүрүмдү көрктөчү,

Өзүң болуп жалгызым,

кетпечи.

Кайырма:

Мен өзүңдү сагынып,

сүйүүгө малынып,

Баратамын багынып.

Сен багыма табылып,

бар дүйнөм жаңырып,

жашоомдо жаңылык.

Карагым, арбап алды жамалың,

Кандай кылам амалын.

Канча жыл мен издеген мээримди,

Карагеңден табалдым.

Ажарың Ай периштем,

Акылың да келишкен.

Арзуум болуп түбөлүк,

кетпечи.